***Баткен облустук  статистика башкармалыгы***

# *Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы*

## *январь-март*

*(тез аралык маалымат)*

## *Айлык чыгарылыш*

---

**Баткен-2023**

**Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы**

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Ысмайылов С.М.

Мүчөлөр: -Закиров Ж.Д.
-Кайымов Р.И.
-Салиева У.С.
-Сатыбалдиева Д.М.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук статистика башкармалыгы.

**Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2023-жылдын январь-март айларындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 20 нуска.

Пайдалануучулар расмий статистиканын маалыматтарын жана тиешелүү метамаалыматтарды пайдаланууда алардын булагына шилтеме берүүгө милдеттүү (“Расмий статистика жөнүндө” Мыйзамдын 30-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2023-жылдын 12-апрели.

**Шарттуу белгилер:**

- кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

**М А З М У Н У**


| | | |
|---|---|---|
| **I** | **Облустун социалдык -экономикалык абалы……………………………** | 4 |
| **II** | **Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр……………………** | 5 |
| **III** | **Сектордук обзор……………………………………………………..** | 6 |
| | **Реалдуу сектор…………………………………………………………** | 6 |
| | Өнөр жайы………………………………………………………… | 6 |
| | Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. | 7 |
| | Капиталдык салым………………………………………………... | 8 |
| | Транспорт жана байланыш………………………………………….. | 8 |
| | Тейлөө рыногу…………………………………………………….. | 8 |
| | Керектөө рыногу…………………………………………………... | 8 |
| | Эмгек рыногу жана эмгек акы……...……………………………… | 9 |
| | Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… | 10 |
| | Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. | 10 |
| **V** | **Мамлекеттик сектор….……………………………………………** | 12 |
| | Финансы…………………………………………………………… | 12 |
| **VI** | **Социалдык сектор……………………………………………………..** | 13 |
| | Калктын оорулары........................................................................... | 13 |
| | Укук бузуулар................................................................................... | 13 |
| | **Тиркеме…………………………………………………………………** | 14 |

## ОБЛУСТУН 2023- ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ-МАРТ АЙЛАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

Облустубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2023-жылдын январь-март айында 1179655,4 миң сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 113,0 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, анчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүн чыгарылышы 2023-жылдын январь-март айларында 2313,3 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 93,8 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү жылдын январь айында 147353,7 миң сомго барабар болду, бул өткөн жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 41,0 пайызды түздү.

2023-жылдын январь-февраль айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 7857,0 чарчы метр болгон 76 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-февраль айларынын денгээлине салыштырмалуу 82,7 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 140924,2 миң сомду түздү.

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь-март айларында 333,8 миң тонна жүк ташылып, 2023-жылдын январь-март айларына салыштырмалуу 101,7 пайызга барабар болду. Жүргунчүлөрдү ташуунун көлөмү 62429,1 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 101,3 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2023-жылдын январь-март айларында 5483889,2 миң сомду түзүп, 2022-жылдын январь-март айынын денгээлинен 8,2 пайызга өскөн.

2023-жылдын январь-март айларында чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 4363947,5 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2022-жылдын январь-март айларынын деңгээлинен 8,9 пайызга өскөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь-март айларында 781914,3 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 4,8 пайызга өскөн.

Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын март айын 2022-жылдын март айына салыштырганда 114,3 пайызды, ал эми ушул жылдын март айын 2022-жылдын декабрь айына салыштырганда 103,1 пайызды түздү.

Облус боюнча 2023-жылдын февраль айында бир айлык орточо эмгек акы 24595,9 сом өлчөмүндө калыптанып, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 70,3 пайызга өскөн. 2023-жылдын январь-февраль айында бир айлык орточо эмгек акы 24506,9 сом өлчөмүндө калыптанып, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 70,7 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2023-жылдын январь-февраль айларында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу Бактериалуу минингит, котур, инфекциялык ВИЧ, педикулез ооруулары катталган жок. Ичегинин өткүр инфекциясы, жаныбарлардын тиштеп алуусу, гонорея жана кургак учук оорууларынын төмөндөшү менен мүнөздөлдү. Ал эми бактериалуу дизентерия, вирустуу гепатит А түрү, аскаридоз жана респиративдүү оорулардын өскөндүгү байкалат.

## II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР

| | 2023 ж. январь-март айларында | 2023ж март айы 2022ж март айына карата пайыз менен | 2023-жылдын январь-март айлары 2022-жылдын январь-март айларына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| **Экономикалык индикаторлор** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 1179655,4 | 126,0 | 113,0 |
| Айыл чарба, анчылык жана токой чарба продукциясынын дүн чыгарылышы, млн. сом | 2313,3 | 93,5 | 93,8 |
| Негизги капиталга инвестициялар, миң сом | 147353,7 | 64,4 | 41,0 |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 7857,0 | 82,4 | 85,3 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 333,8 | 101,5 | 101,7 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртулүшү, миң жүргүнчү км | 62429,1 | 102,0 | 101,3 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү-бардыгы, миң сом | 5483889,2 | 108,0 | 108,2 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 4363947,5 | 117,6 | 108,9 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 781914,3 | 111,0 | 104,8 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 24506,9 [1)] | 170,3[2)] | 170,7[3)] |

**1) 2023ж. Январь-февраль**
**2) 2023ж. февраль**
**3) 2023ж. январь-февраль**

## III. СЕКТОРДУК ОБЗОР

### Реалдуу сектор

Баткен облусунда ээлик кылуучу субьектилердин саны 2023-жылдын 1-апрелине карата 80514 бирдикти түздү, анын ичинен 6,2 пайызы юридикалык жактар, 40,6 пайызы дыйкан (фермер) чарбалары, 52,7 пайызы жеке ишкерлер, 0,2 пайызы филиалдар жана өкүлчүлүктөр.

| | Бардык катталгандары | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Бирдик | Жыйынтыкка карата пайыз менен | Ээлик кылуучу субңектилердин ичинен юридикалык жактар | Жыйынтыкка карата пайыз менен |
| **Баткен областы** | **80514** | **100** | **5440** | **100** |
| Баткен району | 11580 | 14,3 | 678 | 12,6 |
| Лейлек району | 32378 | 40,2 | 1371 | 25,2 |
| Кадамжай району | 16018 | 19,9 | 1596 | 29,3 |
| Баткен шаары | 6641 | 8,2 | 750 | 13,8 |
| Кызыл-Кыя шаары | 10979 | 13,7 | 693 | 12.7 |
| Сүлүктү шаары | 2918 | 3,7 | 352 | 6,4 |

Катталган юридикалык жактардын саны 2023-жылдын 1-апрелине карата 5440 субьектини түзүп, 2022-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 12,2 пайызга өстү.

Катталган юридикалык жактардын жалпы санынын ичинен 16,0 пайызы мамлекеттик, 8,0 пайызы муниципиалдык, 76,0 пайызы өздүк менчикке таандык.

Баткен облусунун аймагында 2023-жылдын 1-апрелине карата жеке ишкерлердин саны 42456, дыйкан (фермер) чарбаларынын саны 32697 бирдикти түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 0,7 жана 0,8 пайызга өстү.

**Өнөр жайы.** Облус боюнча 2023-жылдын январь-март айларында 1179655,4 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 113,0 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 486183,6 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 41,2 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 355623,7 миң сомду же 30,1 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 306275,3 миң сомду же 26,0 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 31572,8 миң сомду же 2,7 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь-март айларында 355623,7 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 91,7 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-март айларында 147015,7 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын январь-март айларына салыштырмалуу 91,5 пайызды түздү. Өткөн жылга салыштырмалуу көмүрдү Лейлек району 68,0 тоннага, Сүлүктү шаары 12989,3 тоннага, Баткен району 484,0 тоннага көп, ал эми Кадамжай району 27180,0 тоннага аз казып алган.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 486183,6 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 112,9 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 190140,0 миң сомду (көлөмдүн 39,1 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 121550,3 миң сомду (көлөмдүн 25,0 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 7093,1 миң сомду (көлөмдүн 1,5 пайызын), химия өндүрүшү 60,0 миң сомду (көлөмдүн 0,01 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 31778,9 миң сомду (көлөмдүн 6,5 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 87587,0 миң сомду (18,0 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 30748,5 миң сомду (6,3 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси ичимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь-март айларында өткөн жылдын январь-март айларына салыштырмалуу 114,8 пайызды түздү.

Үй-эмеректерин жасоо 13,9 пайызга, жаны бышкан нан 5,7 пайызга, тазартылган күрүч 3,6 пайызга, кондитердик азыктар 9,8 пайызга, электр энергиясын бөлүштүрүү 37,4 пайызга, топтолгон жана тазаланган суу 23,1 пайызга, өсүмдүк майын өндүрүү 1,6 пайызга, дан эгиндеринен тартылган ун 1,7 пайызга, бут кийим 2,0 пайызга, аялдардын тигилүү кийимдери 115,4 эсеге, эт азыктары 41,5 пайызга, сымап өндүрү 2,2 эсеге, балмуздак 27,6 пайызга, иштетилген сүт азыктары 15,2 пайызга өскөн. Ал эми таш көмүр өндүрүү 8,5 пайызга, эркектердин тигилүү кийими 31,8 пайызга аз өндүрүлдү.

*2023-жылдын январь-март айларында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 121550,3 миң сомду түздү, же мурунку жылдын январь-март айларындагы деңгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 15,3 пайызга өскөн.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь-март айларында 87587,0 миң сомдук продукция чыгарылды, же өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси өткөн жылдын январь-март айларына салыштырганда 100,6 пайызды түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь-март* айларында 306275,3 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 137,4 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 31572,8 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 111,9 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы

(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)




Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен




***Айыл чарбасы, анчылык жана токой чарбасы.*** 2023-жылдын январь-март айларында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 2313,3 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 93,8 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-март айларында 5926,3 тонна эт, 14009,4 тонна сүт, 1933,6 миң даана жумуртка өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эт өндүрүү 6,7, сүт өндүрүү 6,2, жумуртка өндүрүү 11,7 пайызга төмөндөгөн.

Райондор боюнча: Эт өндүрүү  Баткен шаарында 1,6, Кызыл-Кыя шаарында 0,1 пайызга өсүү болгон. Баткен районунда 15,2, Лейлек районунда 10,0, пайызга азайган. Ал эми  Кадамжай районунда жана Сүлүктү шаарында  өткөн жылдын деңгээлинде калган. Сүт өндүрүү  Кадамжай районунда 0,4, Баткен шаарында 0,7,  Кызыл-Кыя шаарында 0,6 пайызга жогорулаган. Ал эми Баткен районунда 17,2, Лейлек районунда 8,0, Сүлүктү шаарында 7,7 пайызга аз өндүрүлгөн.  Жумуртканы Кадамжай району 0,3, Баткен шаары 1,0, Сүлүктү шаары 1,2 пайызга  көп өндүргөн.  Ал эми Баткен району 41,6, Лейлек району 16,2,  Кызыл-Кыя шаары 4,2 пайызга аз өндүргөн.

Облус боюнча 2023-жылдын 1-апрелине карата Кадамжай районунда 1,9 тонна лимон мөмөсү жыйналып алынды. Баткен шаарында 0,5 тонна помидор жана 0,5 тонна бадыраң өндүрүлгөн.

**Капиталдык салым.** 2023-жылдын январь-март айларында 376195,3 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2022-жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 123,2 пайызды түздү. Капиталдык салымдар  Кызыл-Кыя шаарында 2,3 пайызга, Баткен шаарында 2,7 эсеге, Сүлүктү шаарында 12,5 пайызга, Кадамжай районунда 26,8 пайызга, Баткен районунда 2,1 эсеге өскөн. Ал эми Лейлек районунда 6,6 пайызга төмөндөгөн. Каржылоонун негизги булактарын калктын каражаттары түздү. Өздөштүрүлгөн капиталдык салымдардын 83,8 пайызы подрядтык иштерге туура келди.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)




**Турак жай.** 2023-жылдын январь-март айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 14976,0  чарчы метр болгон 140 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 95,9 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 221825,3 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өзүмдүк турак жай курулуштарына жумшалган.

**Транспорт жана байланыш.** 2023-жылдын январь-март айларында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 333,8 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь-март айларына салыштырмалуу 101,7 пайызды түздү.

2023-жылдын январь-март айларында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 2813,1 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 62429,1 миң жүргүнчү-км түздү (2022-жылдын январь–март айларына  салыштырмалуу 101,3 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2023-жылдын январь-март айларында  бардыгы жеке жактардын транспорту менен  жүргүзүлгөн.

***Тейлөө рыногу.*** Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2023-жылдын январь-март айларында 5483889,2 миң сомду түзүп, 2022-жылдын январь-март айларына салыштырмалуу 8,2 пайызга, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 5385318,0 миң сом болуп 8,7 пайызга өскөн.

***Керектөө рыногу.*** Соода, автомобилдерди, мотор майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь-март айларында 4363947,5 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине  салыштырмалуу 8,9 пайызга өскөн.

Автомобилдерди жана мотордук майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 2449659,8 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 2,8 пайызга өскөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 56,1 пайызды түздү.

Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү ушул жылдын январь-март айларында 4701974,9 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 1,3 пайызга өскөн.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь-март айларында 9880,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1,3 пайызга өскөн.

Мотордук майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь-март айларында 1794284,4 миң сомду түздү, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 18,3 пайызга өскөн.

Үстүбүздөгү жылдын январь-март айларында 781914,3 миң сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын деңгээлине салыштырмалуу 4,8 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн салыштырма




Калкка акысына кызмат көрсөтүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




**Эмгек рыногу жана эмгек акы.** Облустун калкты ишке жайгаштыруу башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2023-жылдын 1-апрелине карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 16759 адамды түздү, анын ичинен 13103 адам официалдуу жумушсуз статусун алган.

Официалдуу түрдө катталган жумушсуздардын ичинен 2 адам жумушсуздук боюнча пособия алды. Март айында профессионалдык окуудан өткөндөрдүн саны 82 адам. Коомдук жумуштарга тартылгандар 192 адамды түздү. Облус боюнча 2023-жылдын февраль айында бир айлык орточо эмгек акы 24595,9 сом өлчөмүндө калыптанып, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 70,3 пайызга өскөн. 2023-жылдын январь-февраль айында бир айлык орточо эмгек акы 24506,9 сом өлчөмүндө калыптанып, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 70,7 пайызга өскөн.

Эмгек акы февраль айында өткөн жылдын тийиштүү айына салыштырмалуу Айыл чарба жана токой чарбасы, балыкчылык тармагында, тоокен казуу өнөр жай, кайра иштетүү, электр энергия, газ, кондиционердик аба жана буу менен камсыз кылуу, сууну тазалоо, калдыктарды кайра иштетүү жана өндүрүү, курулуш, Соода: автомобилдерди, турмуш-тиричилик жана жеке колдонулуучу

буюмдарды оңдоо, илимий техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, электр энергия, газ, кондиционердик аба жана буу менен камсыз кылуу, сууну тазалоо, калдыктарды кайра иштетүү жана өндүрүү, транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо, информация жана байланыш, финансалык ортомчулук, кыймылсыз мүлк менен иш жүргүзүү, илимий , техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, мамлекеттик башкаруу жана коргонуу, милдеттүү социалдык камсыздоо, билим берүү, саламаттыкты сактоо, социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү, маданий көңүл ачуу жана дем алуу тармактары боюнча өсүндүгү байкалды.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2023-жылдын февраль айында 283,0 долларды түздү.

2023-жылдын 1-мартына карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 13556,2 миң сомду түзүп, өткөн айга салыштырмалуу 3,9 эсеге өскөн. Эмгек акыны төлөө карызынын 75,0 пайызын Кадамжай району жана 25,0 пайызын Кызыл-Кыя шаары түзөт.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны

(адам)




**Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь-март айларында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 112,5 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 110,3 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 115,3 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2023-жылдын март айында өткөн жылдын март айына салыштырмалуу 110,9 пайызды түздү. Ал эми 2023 жылдын январь-март айлары өткөн жылдын январь-март айларына салыштырмалуу 109,9 пайызды түздү.

**Баалардын жана тарифтердин индекси.** Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын январь-март айларында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 114,3 пайызды түздү, ал эми үстүбүздөгү жылдын март айын 2022-жылдын декабрь айына салыштырганда 103,1 пайызды түздү.

Ушул жылдын март айында өткөн айга салыштырмалуу жогорку сорт ун 0,7 пайызга, макарон азыктары 5,4 пайызга, күн карама майы 2,9 пайызга кымбаттаган. Ал эми жумуртка 0,6 пайызга төмөндөгөн. Уйдун эти, койдун эти, 1-сорттогу ун, нан өз ордунда калган.

**Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси**

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азыктары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумуртка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Январь | 100,0 | 99,8 | 100,0 | 101,1 | 100,0 | 100,0 | 102,1 | 107,9 | 100,9 |
| Февраль | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 105,5 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,5 | 98,9 |
| Март | 100,7 | 100,0 | 100,0 | 105,4 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 99,4 | 102,9 |

Жашылча-жемиштердин бааларынан өткөн айга салыштырмалуу пияз 14,5 пайызга төмөндөгөн. Ал эми картошка, сабиз, кургатылган өрүк, грек жаңгагы өз ордунда калган.

***Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси***
*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатыл-ган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Январь | 134,8 | 108,3 | 102,7 | 100,0 | 95,2 | 100,0 |
| Февраль | 127,7 | 111,1 | 102,2 | 96,7 | 104,7 | 100,0 |
| Март | 85,5 | 100,0 | 100,0 | 64,7 | 100,0 | 100,0 |

Үстүбүздөгү жылдын март айында өткөн февраль айына салыштырмалуу кийимдер 0,5 пайызга, турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар 1,4 пайызга, үй тиричилик буюмдары тиричилик техника 2,6 пайызга, фармацевтикалык продукциялар 0,9 пайызга, азык-түлүк эмес товарлар 0,4 пайызга кымбаттаган. Ал эми бут кийимдер 0,3 пайызга, катуу отун 9,3 пайызга, күйүүчү-майлоочу материалдар 0,7 пайызга, бензин 0,8 пайызга төмөндөгөн. А.и.кийим тигүү үчүн материалдар, суу менен камсыз кылуу (муздак суу), газеталар жана мезгилдүү басылмалар оз ордунда калган.

**Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси**
(пайыз менен)

| | 2023ж. марты 2022ж. декабрына карата | 2023ж. январь-марты 2022ж январь-мартына карата | 2023ж. марты 2023ж. февралына карата |
|---|---|---|---|
| Кийим | 100,4 | 112,5 | 100,5 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 100,5 | 124,5 | 100,0 |
| Бут кийим | 99,2 | 111,0 | 99,7 |
| Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 104,6 | 117,5 | 101,4 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 100,0 | 110,0 | 100,0 |
| Катуу отун | 96,7 | 228,3 | 90,7 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 93,8 | 99,0 | 99,3 |
| Бензин | 92,9 | 95,7 | 99,2 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 106,4 | 122,6 | 102,6 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 103,1 | 109,2 | 100,9 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 100,0 | 111,9 | 100,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 103,1 | 114,3 | 100,4 |

Өткөн айга салыштырганда үстүбүздөгү жылдын март айында жүргүнчү транспортунун тейлөөсү 0,2 пайызга төмөндөгөн, калган тейлөөлөр өз ордунда калган.

**Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.**
(пайыз менен)

| | 2023ж. март 2022ж. декабрына карата | 2023ж. Январь-март 2022ж. январь-мартына карата | 2023ж. марты 2023ж. февралына карата |
|---|---|---|---|
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 99,3 | 109,2 | 99,8 |
| Байланыш тейлөөсү | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 100,0 | 114,7 | 100,0 |
| Билим берүү тейлөөсү | 100,0 | 101,3 | 100,0 |
| Амбулаториялык тейлөөлөр | 100,0 | 107,3 | 100,0 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү | 100,0 | 117,0 | 100,0 |
| Чач тарач тейлөөлөрү | 108,4 | 102,8 | 108,4 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |




## Мамлекеттик сектор

**<u>Финансы.</u>** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2023-жылдын январь-февраль айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 251,5 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 114,0 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 296,8 млн. сомду түзүп, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 22,4 пайызга, ал эми чыгашалар 1,9 эсеге өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2023-жылдын январь-февраль айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2023-жылдын январь-февраль айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 149,9 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу салыктан түшүүлөр 33,7 пайызга өскөн. Киреше жана пайда салыгы 35,3 пайызга, жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 41,4 пайызга, менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 25,5 пайызга, кыймылсыз мүлк салыгы 23,7 пайызга, жер салыгы 26,4 пайызга, патенттин негизиндеги салык 19,9 пайызга жана товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 16,2 пайызга өскөн. Ал эми соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн жана бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр боюнча салык түшкөн эмес.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин өскөнү байкалды. Алсак 2022-жылдын январь-февраль айларында жалпы кирешенин 10,3 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2023-жылдын январь-февраль айларында 11,1 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн менчиктен түшкөн киреше жана проценттерден түшкөн кирешелер түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 82,5 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 29,3 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 14,2 пайызга азайган.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2023-жылдын январь-февраль айларында 91,2 млн. сомду түзүп, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 71,3 пайызга өскөн. Чыгашалардын 68,5 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, коргоо жана коомдук тартипти сактоого, 16,1 пайызы эс алуу, маданият жана дин тармагына жана 15,5 пайызы турак жай жана комуналдык тейлөөлөргө жумшалды.

# Социалдык сектор

**Калктын оорулары**. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиомелит, брюшной тиф ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2023-жылдын январь-март айларында облуста *ичеги-карын ооруларынан* салмонелез инфекциясы менен ооругандар катталган жок. Ал эми бактериялуу дизентерия менен 4 оорулуу жана бактериалуу минингит оорусу менен 1 оорулуу адам катталды. Ичегинин өткүр инфекциясы менен 384 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 13,9 пайызга өскөн.

*Вирустуу гепатит оорусу* менен 175 оорулуу адам катталган, анын ичинен гепатиттин А түрү менен 164 оорулу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 76,3 пайызга өскөн, ал эми эпидемиялык паротит менен 6 оорулуу катталган, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 62,5 пайызга төмөндөгөн.

*Жаратылыштын жана жаныбарлардын инфекциясынан ооругандар төмөндөгөнү байкалат* жаныбарлардын тиштеп алуусу менен 193 учур катталып өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 7,8 пайызга өскөн. Бруцеллез оорусу менен 10 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 25,0 пайызга өскөн, аскаридоз менен 264 учур катталып 20,5 пайызга өскөн, ал эми эхинококкоз оорусу менен 1 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 87,5 пайызга төмөндөгөн.

*Паразитардык оорулардан* сифилис оорусу менен 1 учур, гонорея ооруусу менен ооругандар 2 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 33,3 пайызга төмөндөгөн. ВИЧ инфекциясы менен 8 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 27,3 пайызга төмөндөгөн. Ал эми котур оорусу менен 23 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 64,3 пайызга өскөн. Педикулез ооруусу менен ооругандар катталган жок.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 6951 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 41,4 пайызга өскөн, кургак учук менен ооруган 76 адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 11,8 пайызга өскөн.

**Укук бузуулар.** Облустук прокуратура тарабынан берилген маалымат боюнча 2023-жылдын январь-февраль айларында облус боюнча 223 кылмыш иши катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 10,1 пайызга же 25 кылмышка төмөндөгөн. Бардык катталган кылмыштардын ичинен; адам өлтүрүү жана өлтүрүүгө аракет жасоо катталган жок. Ал эми ээнбаштык 5, уурулук 56, алдамчылык 73, бангизаттарга байланыштуу 9, кызматтык кылмыштар 16, экономика тармагында 5 кылмыш, 3 жол-транспорт кырсыктары катталган. 2023-жылдын январь-февраль айларында 122 адам кылмыш иши менен кармалган. Бул көрсөткүч өткөн жылдын ушул мезгилине карата 7 адамга азайган.

Кылмыш иши менен кармалгандардын ичинен: аялдар-15, иштегендер, ишкерлер, кызматкерлер катталган жок. Мектеп окуучулары 10, жогорку жана атайын орто окуу жайларынын окуучулары 2, эч жерде иштебеген жана окубагандар 75 түзөт.

***Облстатистика башкармалыгынын жетекчиси:*** ***С. Ысмайылов***

| | | беги |
|---|---|---|
| | Реалдык сектор | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү…………… | 15 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү………...........................……….............. | 16 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……..............................................……….............. | 16 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү………………………. ………………………………. | 17 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү………………………………………. | 18 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..…………………………......... | 18 |
| 7 | Аймактар боюнча лимон мөмөсүн жыйноонун жүрүшү..................................................................................... | 19 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 8 | Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши жана подрядтык жумуштардын көлөмү | 20 |
| 9 | Капиталдык салымдардын жана подрядтык иштердин көлөмү…………………………………………….. | 20 |
| 10 | Подряддык курулуш жана монтаждоо жумуштарынын аткарылышы……………………………………… | 22 |
| 11 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык жумуштардын көлөмү................................. | 22 |
| 12 | Турак-жай курулушунун аткарылышы облус боюнча……………………………………………………… | 22 |
| 13 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши..................................................................................... | 23 |
| | Транспорт | |
| 14 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү………………………………………………………. | 24 |
| 15 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү | 24 |
| | Тейлөө рыногу | |
| 16 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү……………………………………………………………….. | 25 |
| | Керектөө рыногу | |
| 17 | Сооданын экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…...............……….…....... | 25 |
| 18 | Чекене товар жүгүртүүнүн менчик түрүнүн түзүлүшү……………………………………………………. | 26 |
| 19 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо............... | 26 |
| 20 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү…. | 27 |
| 21 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү……………………………………………….. | 27 |
| | Эмгек жана эмгек акы | |
| 22 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары февраль | 28 |
| 23 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары февраль........... | 29 |
| 24 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары январь-февраль. | |
| 25 | Калкты иш менен камсыз кылуу……………………………………………………………………………….. | 29 |
| 26 | Официалдуу катталган жумушсуздардын саны.................................................................................................. | 30 |
| 27 | Жаңыдан тузулгөн жумуш орундары.................................................................................................................... | |
| | Финансы | |
| 28 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………..... | 31 |
| 29 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………… | 31 |
| 30 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………....... | 32 |
| 31 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………....... | 32 |
| | Социалдык сектор | |
| 32 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны………………………………………………… | 33 |
| 33 | Катталган кылмыштар саны……………………………………………………………………………….. | 33 |
| 34 | Жынысы жана жашы боюнча кылмыш кылгандар……………………………………………………………. | 34 |
| 35 | Кесиби боюнча кылмыш кылгандар……………………………………………………………………………. | 34 |

## Реалдык сектор

Таблица 1. **Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү январь- март айларында**

( миң сом)

| | 2022 | 2023 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **1061965,4** | **1179655,4** | **113,0** |
| **I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы** | **388678,7** | **355623,7** | **91,7** |
| 1. Таш көмүр, лигнит жана чым көн өндүрүү | 254753,8 | 276169,9 | 91,5 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 132668,8 | 78846,6 | 100,0 |
| 3. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 1256,1 | 607,2 | 39,6 |
| **II. Иштетүү өнөр жайы** | **365686,3** | **486183,6** | **112,9** |
| 1. Тамак аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктер менен тамеки кошо | 165490,3 | 190140,0 | 114,8 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктерди кошкондо | 164189,4 | 189500,0 | 114,6 |
| -тамеки өндүрүү | 1300,9 | 640,0 | 49,2 |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 95574,9 | 121550,3 | 115,3 |
| -текстил өндүрүшү | 86014,5 | 111323,5 | 67,9 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 9439,5 | 10102,8 | 179,7 |
| -.булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 120,9 | 124,0 | 102,0 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 7252,9 | 7325,6 | 102,2 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 7020,4 | 7093,1 | 102,2 |
| - басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 232,5 | 232,5 | 100,0 |
| 4. Химия өндүрүшү | - | 60,0 | 218,8 |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 26664,9 | 31778,9 | 78,9 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 27282,8 | 87587,0 | 100,6 |
| 7. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 28203,8 | 30748,5 | 105,1 |
| **III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү** | **267523,9** | **306275,3** | **137,4** |
| **IV. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.** | **40076,5** | **31572,8** | **111,9** |

Таблица 2. **Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү**

**январь-март** (миң сом)

| | 2022 | 2023 | Физикалык көлөмдүн индекси | |
|---|---|---|---|---|
| | | | отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| **Область боюнча:** | **1061965,4** | **1179655,4** | **126,0** | **113,0** |
| Электр энергиясыз | 794441,5 | 873380,1 | 116,3 | 105,8 |
| райондор: | | | | |
| Баткен | 26241,8 | 37372,1 | 101,9 | 105,1 |
| Кадамжай | 271020,1 | 288017,8 | 87,1 | 94,2 |
| Лейлек | 175272,9 | 130100,3 | 114,7 | 106,0 |
| шаарлар: | | | | |
| Баткен | 289836,1 | 332168,5 | 151,0 | 131,5 |
| Электр энергиясыз | 22312,2 | 25893,2 | 107,5 | 103,0 |
| Кызыл-Кыя | 172381,2 | 200315,0 | 348,5 | 138,6 |
| Сүлүктү | 127213,3 | 191681,7 | 107,5 | 118,3 |

Таблица 3**. Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү**

| | Өлчөө бирдиги | 2022 | 2023 | 2023ж. январь-март айлары 2022ж. январь-март айларына карата % менен |
|---|---|---|---|---|
| | | январь-март | | |
| Таш көмүр | тонна | 160654,4 | 147015,7 | 91,5 |
| Бышырылган керамика кирпичи | мин даана | - | - | - |
| Бут кийим | жуп | 304 | 310 | 102,0 |
| Эт жана эт азыктары | тонна | 227,8 | 322,3 | 141,5 |
| Бышырылбаган керамика кирпичи | мин даана | - | - | - |
| Дан эгиндеринен тартылган ун | тонна | 1838,5 | 1869,8 | 101,7 |
| Өсүмдүк майлары | тонна | 31,8 | 32,3 | 101,6 |
| Жаны бышкан нан | тонна | 2156,0 | 2279,7 | 105,7 |
| Үй-эмеректери | мин сом | 23380,8 | 26621,5 | 113,9 |
| Сурьма металы кошулма | % | - | - | - |
| Сымап | % | - | - | 218,8 |
| Топтолгон жана тазаланган суу | мин $м^3$ | 1333,2 | 1640,9 | 123,1 |
